**БЕКИТИЛДИ:**

**Күнтуу айылдык Кенешинин IX чакырылышынын кезексиз V сессиясында**
**2020-жылдын “22” июну № 7/1**

**Чүй облусунун Сокулук районундагы Күнтуу айыл өкмөтү менен жергиликтүү жамааттардын 2021- жылга**

# БИРГЕЛЕШКЕН АРАКЕТТЕР ПЛАНЫ

## 1. Багыты: Калкты ичүүчү суу менен жабдуу

- **Көйгөйдүн аталышы жана сүрөттөлүшү: Чоң-Жар, Күнтуу, Шалта, Кичи Шалта айылдарында таза суунун жетишсиздиги**

**Күнтуу айылы:** Скважинадагы суу элге жетиштүү, бирок суу бөлүштүрүү линиялары, түтүктөрү эскирип калган 1960-жылдары курулган. Ошондон бери жаңыртылган эмес. Суу түтүктөрү эски болгондуктан жарылуулар көп болот. Оңдоп-түзөө иштери жүргүзүлгөндөн кийин, кир суу кайрадан линиялар аркылуу таза суу менен аралашып, элге тарап кетет; ичкен суунун сапаты начар болгондуктан, инфекциялык оорулардын тарап кетүү коркунучу жаралат.

**Кичи Шалта айылы:** Айылда 359 адам турат, таза суу жетишсиз. Суу Чоң-Жар айылынан суу бөлүштүрүүчү линиялар аркылуу келет, күндө суу 2 саатка гана берилет, насостун күчү мындан көп убакытка жетпейт. Күчтүү насосту коюп, абоненттердин санын көбөйтсө болот, бирок Чоң-Жар айылынын тургундары каршы болуп жатат. Расмий түрдө бекитилген ТСКАКБ жок. Жашоочулар электр энергиясына гана 100 сомдон төлөшөт. Коомчулуктун санитардык абалы начар. Суу ташуу маселеси жаш балдарга жана аялдарга физикалык оорчулук алып келүүдө. Ден соолуктарына таасир этүүдө.

**Чоң-Жар айылы:** Айылдын жаны көчөлөрүндө кожолуктун саны 120, короодон 100 сомдон төлөшөт. Суу бөлүштүрүү линиялары эски болгондуктан, суу түтүктөрүндө жарылуулар көп болот, оңдоп-түзөө иштеринен кийин, кир суу таза суу менен аралаш агып, суу таза эмес бойдон агып келет. Таза эмес суу инфекциялык оруулардын пайда болуу коркунучун туудурат. Суунун жетишсиздигине байланыштуу жашаган калк каалагандай турмуш-тиричилигин өткөрө албайт. Мисалы: сууга күнүгө жууна алышпайт, кирди каалаган убакта жууй албайт.

- **Бенефициарлар:** 4 айылдын жашоочулары – 7 620 адам.

| Максаты | Тапшымалар / Иш-чаралар | Айылдын аталышы | Мөө-нөт | Каржылоо | | | | Тараптардын катышуусу жана жооп-керчилиги | Күтүлгөн жыйынтык | Индика-торлор |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | ЖБ | Донор-лор | Демөө рчү | Баш ка | | | |
| АА жашоо-чулары-нын сапаттуу таза сууга жетки-ликтүү-лүгүн жакшыр-туу | **1-тапшырма.**<br>Күнтуу, Шалта, Чоң-Жар айылдарында:<br>- суу түтүк алмаштыруу,<br>- терeндеги насосторду орнотуу,<br>- суу сактагыч башняны орнотуу.<br>Кичи Шалтага суу:<br>- системасын киргизүү,<br>- түтүктөрүн орнотуу | Күнтуу, Шалта Чоң-Жар Кичи Шалта айыл-дары | Январь – февраль 2021-ж. | 50,0 миң сом | 110 млн. сом – АРИС, 500,0 миң (араб фонду) | | | - АӨ башчысы,<br>- Айылдык кеңештин депутаттары<br>- айыл башчылар,<br>- ТСКАКБ жана “Таза Күнтуу ” МИнын жетекчилери | Күнтуу, Шалта, Чоң-Жар айылда-рынын тургундары таза суу менен камсыз болот | 3 насос, 2 суу сактагыч башня, 1 500 түтүн суу менен камсыз болот |
| | **2-тапшырма.**<br>Айылдык аймактын маселелери боюнча финансылык башкарууну жакшыртуу<br>- Күнтуу, Шалта жана Чоң-Жар айылдарында суу системасын жаңыртуу үчүн АРИСке дол-боор жөнөтүү, каржылоо издөө.<br>- Кичи Шалтага ЖБтен каражат бөлүштүрүү.<br>- Кичи Шалтага донорлорду издөө, инвестицияларды тартуу<br>- Кичи Шалтада суу системасын реабилитациялоону баштоо | Күнтуу, Шалта Чоң-Жар Кичи Шалта айыл-дары | | - | - | - | - | | Жергилик-түү бюджеттин денгээли өсүү | Суу сис-темасы алмашат, жаңы түтүктөр коюлат – 3 км |
| | **3-тапшырма.**<br>АӨ, АК ишмердиги тууралуу жамааттын маалымдуулугун уюштуруу:<br>- “Шалта” ТСКАКБнын жана “Таза Күнтуу” МИнын отчеттук чогулушу. | | | 6,0 миң сом | - | - | | | 4 айылда маалымат жайгашты-рылды, муниципал-дык сайтка жарыяланды | 5 жарыя 4 чогулуш/ жыйын |

| | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | - Айылдарда маалыматтык такталарга, сайтка маалымат жайгаштыруу | | | | | | | | | |
| | **4-тапшырма.**<br>Таза суу берүү боюнча кызмат көрсөтүүнү уюштуруу/ жакшыртуу.<br>- Чогулуш өткөрүү (тарифтерди макулдашуу),<br>- Түшүндүрүү иштерин жүргүзүү,<br>- Эл менен келишим түзүү | | | - | - | - | - | | Жыйын өткөрүлдү.<br><br>Жыйын өткөрүлдү.<br><br>Келишим түзүлдү | 2 жыйын<br><br>2 жыйын<br><br>1 500 түтүн |

## 2. Багыты: Муниципалдык менчикти башкаруу

- **Көйгөйдүн аталышы жана сүрөттөлүшү: Айыл өкмөттүн сапаттуу кызмат көрсөтүүсүнө шарттын жетишсиздиги**

Күнтуу айыл өкмөтүнүн имараты 1958-жылы курулган.Азыркы учурда капиталдык ондоп тузоо жургузууго мажбур. Электр зымдарын алмаштыруу керек, штукатурка эскирип, түшүп калды. Полдор жана эшиктер жараксыз абалда турат. Сапаттуу кызмат көрсөтүүгө кыйын.

- **Бенефициарлар:** айыл тургундары – 7 800 адам (5 айыл).

| Максаты | Тапшымалар / Иш-чаралар | Айылдын аталышы | Мөөнөттөр | Каржылоо | | | | Тараптардын катышуусу жана жооп-керчилиги | Күтүлгөн жыйынтык | Индика-торлор |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | ЖБ | Донор-лор | Де-мөөрчү | Башка | | | |
| Айыл аймактын жашоочу-ларына сапаттуу кызмат көрсөтүү-нү жакшыр-туу | **1-тапшырма.**<br>Айыл өкмөттүн имаратын капиталдык оңдоп-түзөө<br>**Иш-чара:**<br>- ПСД түзүү (проектно-сметная документация),<br>- Ремонт жүргүзүү боюнча келишим түзүү | Күнтуу айылы | Январь 2021-ж. | 510,0 сом (смета жана ЖБ салым) | 3,0 млн. сом | | | - АӨ башчысы,<br>- ФЭБ башчысы<br>- ТЖМ<br>- АК туруктуу комиссия-сынын мүчөсү | ___ эшик ал-маштырылып, ремонттолду (сырдоо, актоо), жылы-туу системасын киргизүү | 500 кв.м |
| | **2-тапшырма.** Айылдык аймак-тын маселелери боюнча финан-сы башкарууну жакшыртуу: | Күнтуу, Шалта Чоң-Жар | | - | - | - | - | | Дем берүүчү грантка | 1 табыш-тама |

| | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | - Дем берүүчү грантка табыштама даярдоо жана өткөрүү,<br>- Жергиликтүү бюджеттен кошумча каржылоо караштыруу | Кичи Шалта айылдары | | | | | | | табыштама өткөрүлдү. ЖБ акча каралды | 1 токтом АК |
| | **3-тапшырма.** АӨ, АК ишмердиги тууралуу жамааттын маалымдуулугун уюштуруу:<br>- Айылдарда маалыматтык такталарга, сайтка маалымат жайгаштыруу,<br>- Долбоордун жыйынтыгы боюнча жыйын өткөрүү | | | | - | - | | | 4 айылда маалымат жайгаштырылды, муниципалдык сайтка жарыяланды. Элге маалымат жеткиликтүү болду | 5 жарыя<br><br>4 жыйын |

## 3. Багыты: Муниципалдык менчикти башкаруу

- **Көйгөйдүн аталышы жана сүрөттөлүшү: Окуучуларга билим алууга шарттардын начардыгы**

**Күнтуу айылы:** Жамгырчинов атындагы мектептин имараты 1961-жылы курулган сыйымдуулугу 500 окуучуга эсептелген. Мектептин бир бурчу авариялык абалда турат. Азыркы учурда мектепте 950 окуучу окуйт.Окуучулар класстык болмолор жетишпегендиктен 3 сменде окуп жатышат. Жаңы мектептин имараты керек, бүгүнкү күндө долбоор даярдалып, өкмөткө жөнөтүлгөн.

**Шалта айылы:** Дооронбеков атындагы мектепте 265 бала билим алат, 16 мугалим иштейт. Мектептин тегерегин жашылдандырууга мүмкүнчүлүк жок. Анткени тегереги тосулган эмес, тигилген гүлдөрдү, бак-дарактарды мал-жандыктар тебелеп жана жеп кетет. Балдардын коопсуздугуна коркунуч жаратат.

- **Бенефициарлар:** окуучулар, мугалимдер, тех.кызматкерлер – 1 330 адам (2 айыл).

| Максаты | Тапшымалар / Иш-чаралар | Айылдын аталышы | Мөөнөт төр | Каржылоо | | | | Тараптардын катышуусу жана жоопкерчилиги | Күтүлгөн жыйынтык | Индикаторлор |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | ЖБ | Донорлор | Демөөрчү | Башка | | | |
| Окуучуларга билим алууга | **1-тапшырма.** Күнтуу айылына мектеп куруу боюнча иштерди жүргүзүү:<br>- БАП даярдоо | Күнтуу айылы | Январь 2021 – сен- | | 60,0 млн. сом (респ. | | | - АӨ башчысы,<br>- ФЭБ башчысы, | Күнтуу айылында 500 орундук заманбап мектеп курулду. 1000 | 1 мектеп |

| | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| шарттар-ды жакшыр-туу | - Куруу иштери боюнча көзөмөл жүргүзүү | | тябрь 2021-ж. | | бюд-жет) | | | мектептин директору, зав.хоз, подряддык уюм “______” ЖЧК, ата-энелер, мугалимдер | окуучуга шарт түзүлдү.<br>50 мугалимге, 10 техкызматкерге иш шарттары түзүлөт. 25 класс-кабинет, ____ спортзал, ашкана ачылды | |
| | **2-тапшырма.** Айылдык аймак-тын маселелери боюнча финан-сы башкарууну жакшыртуу<br>- Подрядчик менен так иш жүргүзүү,<br>- Демөөрчүлөрдү тартуу,<br>- ЖБтен кошумча каражаттарды бөлүү | Күнтуу айылы | | - | - | - | - | | Көзөмөл иш жүргүзүлдү. ЖБтен акча каражаты бөлүндү | 2 акт<br>1 токтом |
| | **3-тапшырма.** АӨ, АК ишмердиги тууралуу жамааттын маалымдуулугун уюштуруу:<br>- Айылдарда маалыматтык такталарга, сайтка маалымат жайгаштыруу,<br>- Ата-энелер комитети менен жолугушуу,<br>- Балдардын арасында түшүндүрүү иштерди жүргүзүү | | | | - | - | | | Ата-энелер комитети менен 4 чогулуш, балдар менен 9 класстык саат өткөрүлдү | 4 чо-гулуш<br><br>9 класс-тык саат |

## 4. Багыты: Элдик көркөм чыгармачылыкты өнүктүрүү үчүн шарттарды түзүү

- **Көйгөйдүн аталышы жана сүрөттөлүшү: Маданий иш-чараларды өтүүгө шарттын жоктугу**

**Чоң-Жар айылы:** Чоң-Жар айылында гана эмес Күнтуу айыл аймагы боюнча маданий иш-чараларды өткөрүүгө шарт жок. Коомдук жана маданий иш-чаралар Рахманов атындагы мектебинде өткөрүлөт, бирок окуу процессине тоскоолдуктарды жаратабыз. Балдарга окуп жаткан учурда иш-чаралар терс таасир этет. Балдарды окуудан алаксытат.

**Шалта айылы:** Азыркы учурда Шалта айылында маданий борбор жок.Элдер барып эс алып маданий иш-чара откоруло турган жай жок. Маданий борбор болсо ар кандай кружокту өткөрсө болмок. Маданий иш-чараларды мектептен өткөрүүгө туура келет.

- **Бенефициарлар:** 3 айылдын тургундары (чоңдор жана балдар) – 5300 адам.

| Максаты | Тапшымалар / Иш-чаралар | Айылдын аталышы | Мөөнөттөр | Каржылоо | | | | Тараптардын катышуусу жана жоопкерчилиги | Күтүлгөн жыйынтык | Индикаторлор |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | ЖБ | Донор | Демөөрчү | Башка | | | |
| Маданий иш-чараларды өткөрүүгө шарт түзүп берүү | **1-тапшырма.** Күнтуу, Чоң-Жар жана Шалта айылдарындагы Маданият үйлөрүн оңдоо, эски имараттарын бузуу жана жаңы имараттарды куруу:<br>- БАПты даярдоо,<br>- Каржылоо булактарын издөө | Күнтуу, Чоң-Жар, Шалта айылдары | Январь – декабрь 2021-ж. | | | | | - АӨ башчысы,<br>- ФЭБ башчысы,<br>- жер адиси,<br>- ТЖМ адиси | 3 айылдын тургундарына маданият жагынан өнүгүүгө шарт түзүлөт | 3 Маданият үйү оңдолот, 4500 жашоочуга маданият тармагында өнүгүүгө шарт түзүлдү, 2 ийрим ачылды, 300 бала ийримдерге жазылды |
| | **2-тапшырма.** Айылдык аймактын маселелери боюнча финансы башкарууну жакшыртуу:<br>- Курулуш иштерин бюджетин түзүү/аныктоо,<br>- Демөөрчүлөр менен иштөө | Күнтуу, Чоң-Жар, Шалта айылдары | | - | - | - | - | | | Тартылган инвестициянын суммасы ___ млн. сом |
| | **3-тапшырма.** АӨ, АК ишмердиги тууралуу жамааттын маалымдуулугун уюштуруу: | | | | - | - | | | Күнтуу, Чоң-Жар, Шалта айылдарынын тургундарына | 3 чогулуш өтөт, 4 жарыя/ баннер илинет |

| | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | - Айылдарда маалыматтык такталарга, сайтка маалымат жайгаштыруу,<br>- Долбоордун жыйынтыгы боюнча жыйын өткөрүү | | | | | | | | маданият жагынан өнүгүүгө шарт түзүлөт | |

## 5. Багыты: Социалдык тармак

- **Көйгөйдүн аталышы жана сүрөттөлүшү: Саламаттык сактоо боюнча кызмат алууга шарттардын жоктугу**

**Кичи Шалта айылы:** Кичи Шалта айылында 359 адам жашайт; айыл эли аз болгондуктан, бул айылда медициналык мекеме жай жок. Элдери 3 км аралыкта турган Күнтуу айылдык ҮДТга келип медициналык кызмат алышат. Өзгөчө жаш балалуулар менен кары-картаңдарга ыңгайсыздык жаралууда. Айылда эл ташуучу унаалар менчик болуп, аз каттамда жүргөндүктөн, кош бойлуу келиндер толготуп калса, үй-бүлөнүн машинеси жок болсо, чоң коркунуч жаралат.

- **Бенефициарлар:** 359 адам, Дачалардын тургундары (Кичи Шалта айылы)

| Максаты | Тапшымалар / Иш-чаралар | Айылдын аталышы | Мөөнөт | Каржылоо | | | | Тараптардын катышуусу жана жоопкерчилиги | Күтүлгөн жыйынтык | Индика-торлор |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | ЖБ | Донор | Демөөрчү | Башка | | | |
| Саламат-тык сактоо боюнча сапатуу натый-жалуу кызмат алууга жетишүү | **1-тапшырма.**<br>Кичи Шалта айылына донорлордун жардамы менен ФАП куруу.<br>Иш чаралар:<br>- Курула турган жерди тактоо;<br>- ПСД даярдоо;<br>- Донорлорду/инвесторлорду издөө;<br>- Куруу иштерин баштоо | Кичи Шалта | Январь – де-кабрь 2021-ж. | + | 2,7 млн. сом (АРИС) | | | - АӨ башчысы,<br>- ФЭБ башчысы,<br>- жер адиси,<br>- ТЖМ адиси | Кичи Шалта айылынын тургундарына саламаттыкты сактоо кызматтарын алууга мүмкүнчүлүк түзүлөт | 359 адам кызмат алууга жетишет |
| | **2-тапшырма.**<br>Айылдык аймактын маселелери боюнча финансылык башкарууну жакшыртуу: | Кичи Шалта айылы | | - | - | - | - | | | Тартылган инвестиция нын суммасы |

| | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | - Курулуш иштерин бюджетин түзүү/аныктоо<br>- Донорлор менен иштөө | | | | | | | | | 2,7 млн.сом |
| | **3-тапшырма.**<br>АӨ, АК ишмердиги тууралуу жамааттын маалымдуулугун уюштуруу:<br>- Айылдарда маалыматтык такталарга, сайтка маалымат жайгаштыруу<br>- Долбоордун жыйынтыгы боюнча жыйын өткөрүү | | | | - | - | | | Кичи Шалта айылынын тургундарына саламаттыкты сактоо кызматтарын алууга мүмкүнчүлүк түзүлөт | 3 чогулуш өтөт,<br>4 жарыя/ баннер илинет |

## 6. Багыты: Социалдык тармак

- **Көйгөйдүн аталышы жана сүрөттөлүшү: Жаштар үчүн спорт менен машыкканга шарттардын жоктугу**

**Кичи Шалта айылы:** Кичи Шалта айылында жаштардын саны 100 го жакын, алардын ичинде кыздардын саны 56, спорт менен машыгууга эч кандай шарт жок, спортзал, футболдук аянтча орнотулган эмес, айылдын жашоочуларынын саны аз, ошондуктан мектеп да жок, болбосо мектептин ичинде спорттук атайын секцияларды уюштурса болмок. Жаштар көчөдө жүрүшөт, ар кандай кылмыштуулукка кабылышат. Спорт менен машыкпаса, ден соолугуна да зыян келтирүүдө.

**Чоң-Жар айылы:** Айылда жаштар 300 го жакын бар. Физикалык жактан машыгууга атайын жай жок. Мындан улам балдар көчөдө жүрүп тамеки чегип, спирт ичимдиктерин ичип жаман жолго барышат. Азыркы учурда мини футболдук жай даярдалып жатат, анын жарыктандыруусу орнотулган, талаасы түздөлүүдө. Кышында жаштарга спорт менен машыгууга атайын жай жок, анткени атайын спортзал бөлүнгөн эмес. Айылда мектеп бар, бирок спортзалы жок курулган, ошондуктан балдарыбыз ар кандай спорттун турлору менен машыга алышбайт, мүмкүнчүлүк жок.

- **Бенефициарлар:** 300 адам (жаштар).

| Максаты | Тапшымалар / Иш-чаралар | Айылдын аталышы | Мөөнөт | Каржылоо | | | | Тараптардын катышуусу жана жоопкерчилиги | Күтүлгөн жыйынтык | Индика-торлор |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | ЖБ | Донор | Демө өрчү | Баш ка | | | |
| Кичи Шалта жана Чоң-Жар | **1-тапшырма.**<br>Чоң-Жар айылындагы мектептин алдында спортзал куруу: | Чоң-Жар айылы | Январь – де-кабрь | 10,0 миң сом | | | | - АӨ башчысы,<br>- ФЭБ башчысы,<br>- жер адиси,<br>- ТЖМ адиси, | Чоң-Жар жана Шалта айылдарын-дагы жаш- | 600 адам (жаштар) |

| | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| айылда-<br>рында<br>жаштар<br>үчүн<br>спорт<br>менен<br>машы-<br>гууга<br>шрттар-<br>ды түзүү | - Уруксат берүүчү документтерди даярдоо<br>- ПСД даярдоо<br>- Каражат издөө (донор)<br>Шалта айылына кичи футбол аянтчасын куруу:<br>- Уруксат берүүчү документтерди даярдоо<br>- ПСД даярдоо<br>- Каражат издөө (донор) | | 2021-<br>ж. | | | | | - мектептин директору,<br>- жаштар коому | тарга спорт<br>менен<br>машыгууга<br>шарт<br>түзүлөт | |
| | **2-тапшырма.**<br>Айылдык аймактын маселелери боюнча финансы башкарууну жакшыртуу:<br>- Курулуш иштеринин бюджетин түзүү/ аныктоо<br>- Донорлор менен иштөө | Чоң-Жар<br>айылы | | - | - | - | - | | | Тартылган<br>инвести-<br>циянын<br>суммасы<br>3,0 млн.сом |
| | **3-тапшырма.**<br>АӨ, АК ишмердиги тууралуу жамааттын маалымдуулугун уюштуруу<br>- Айылдарда маалыматтык такталарга, сайтка маалымат жайгаштыруу<br>- Долбоордун жыйынтыгы боюнча жыйын өткөрүү | | | | - | - | | | Чоң-Жар<br>айылында-<br>гы жаштар-<br>га спорт<br>менен<br>машыгууга<br>шарт<br>түзүлөт | 4 чогулуш<br>өтөт, 4<br>жарыя/<br>баннер<br>илинет |

## 7. Багыты: Инфраструктура

- **Көйгөйдүн аталышы жана сүрөттөлүшү: Айыл аймактагы ички жолдордун абалынын начардыгы**

**Күнтуу** айылы: Күнтуу айылындагы Момунжанов, Ашырбек, Бейшеналиев көчөлөрүндөгү жолдордун абалы начар. Жолдордун үстү топурак, жамгыр, кар жааган учурда автоунаалар такалып, жүрбөй калат. Жазында суу менен жууп кетет. Жылда жергиликтүү бюджеттен каржыланып, ондоп-түзөө иштерин кезек-кезеги менен жүргүзөбүз, бирок каражат тартыштыгынан баардык көчөлөрдү бир убакта ондоп-түзөө иштерин жүргүзө албайбыз. Ал эми жаңы конуштарга көчөлөрдө жолдорду элдер өз күчү менен түздөп, шагыл төгүшкөн.

**Кичи Шалта** айылы: Бул айыл бир гана көчөдөн турат, узундугу 3 км чейин. Ички жолдор көбүнчө жаз мезгилинде жаан жаагандан кийин, жээктери жараксыз абалга туш болот. Бүгүнкү күндө жолдор начар абалда. Ички жолдун акыркы ремонту 2017-жылы болгон. Андан кийин бюджеттин жетишсиздигинен ремонт өткөрүлгөн эмес. Жергиликтүү калк да демилге көторгон эмес. Ошондуктан бүгүнкү күндө жол начар абалда.

**Шалта** айылы: Айылда 1562 калк жашайт, анын ичинде жаңы конуштардагы кожолуктун саны 110го чейин, 500гө жакын адам турат. Жаңы конуштардагы жолдор жашоочулар үчүн ыңгайсыздыктарды жаратат. Өзгөчө жаан-чачын маалында. Ошондой эле ички жолдор дагы талапка жооп бербейт.

- **Бенефициарлар:** 339 түтүн, жашоочулардын саны – 1695 адам.

| Максаты | Тапшымалар / Иш-чаралар | Айылдын аталышы | Мөөнөт төр | Каржылоо | | | | Тараптардын катышуусу жана жоопкерчилиги | Күтүлгөн жыйынтык | Индика-торлор |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | ЖБ | Доно рлор | Де мөө рчү | Баш ка | | | |
| Күнтуу , Шалта, Кичи-Шалта айылда-рындагы ички жолдору нун абалы-нын талапка жооп беришин камсыз кылуу | **1-тапшырма.**<br>3 айылдагы ички жолдорду оңдоо.<br>- Комиссия түзүү<br>- Иштин көлөмүн эсептөө<br>- Шагыл төгүү иштерин аткаруу | Кичи Шалта, Шалта, Күнтуу | Январь – март 2021-ж. | 500,0 миң сом | | | | - АӨ башчысы,<br>- ФЭБ башчысы,<br>- Жер адиси,<br>- ТЖМ адиси,<br>айыл башчылар | 3 айылда жолдор оңдолду, шагыл төгүлдү | 3 айылдын тургундары, 20 км шагыл төгүлдү |
| | **2-тапшырма.**<br>Айылдык аймактын маселелери боюнча финансы башкарууну жакшыртуу:<br>- Курулуш иштеринин бюджетин түзүү/аныктоо<br>- Каражат табуу боюнча кызматташуу | Кичи Шалта, Шалта, Күнтуу | Июль 2020 – апрель 2021-ж. | + | + | | | | Каражаттар аныкталды, долбоор жазылды | Тартылган инвестициян ын суммасы ____ млн.сом |
| | **3-тапшырма.**<br>АӨ, АК ишмердиги тууралуу жамааттын маалымдуулугун уюштуруу:<br>- Айылдарда маалыматтык такталарга, сайтка маалымат жайгаштыруу | | | | - | - | | | Элге маалымат жеткирилет, түшүндүрүү иштери жүргүзүлөт | 4 чогулуш өтөт, 4жарыя/ баннер илинет |

| | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | - Долбоордун жыйынтыгы боюнча жыйын өткөрүү | | | | | | | | | |

## 8. Багыты: Инфраструктура

- **Көйгөйдүн аталышы жана сүрөттөлүшү: Ички жарыктандыруунун жетишсиздиги**

**Күнтуу айылы:** Күнтуу айылында жарыктандыруу борбордук көчөгө гана орнотулган, калган көчөлөр түнкүсүн караңгы. Балдар мектептен келе жатканда ата-энелер аларды тосуп алганга туура келет, ууручулук учурлар көбөйүүдө. Кечки убакытта айылдын тургундары конокко, кошуналарына барып келгенге мүмкүчүлүгү болбойт. Айыл өкмөтүнүн каражатынын жетишсиздигине байланыштуу көчөлөрдү жарыктандырууга мүмкүнчүлүгү жетишпейт.

**Шалта айылы:** Шалта айылында 8 көчө бар, баардык көчөлөрдө жарыктандыруулар жок. Кечкисинде карып калган адамдарга жана жаш балдарга көчөлөр менен өтүүгө кыйынчылык туудурат, анткени караңгыда басканда жол көрүнбөй, ыңгайсыздык жаралууда. Көчөлөр караңгы болуп сейилдеп басканга мүмкүнчүлүк жок. Көчө караңгы болгонуна байланыштуу жолдогу аңдар, көлчүктөр көрүнбөйт түндө басканда, адамдардын кийимдери булганып, адам өмүрүнө жана ден соолугуна коркунуч жаратылууда. Мал уурдоо жана башка уруулукка жагдай түзүлөт.

- **Бенефициарлар:** 320 түтүн, жашоочулардын саны – 1280 адам.

| Максаты | Тапшымалар / Иш-чаралар | Айылдын аталышы | Мөөнөт төр | Каржылоо | | | | Тараптардын катышуусу жана жоопкерчилиги | Күтүлгөн жыйынтык | Индика-торлор |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | ЖБ | До-нор | Демө өрчү | Баш ка | | | |
| Күнтуу жана Шалта айылда-рында ички жарык-танды-рууну камсыз кылуу | **1-тапшырма.** Кунтуу жана Шалта айылда-рындагы көчөлөргө түнкү жарыктандырууну орнотуу:<br>- Көчөлөргө түнкү шамдарды орнотуу<br>- Эсептегичтерди орнотуу<br>- Жумушчу адистерди табуу, келишим түзүү | Кичи Шалта, Шалта, Күнтуу | Январь – март 2021-ж. | + | | | | - АӨ башчысы,<br>- ФЭБ башчысы,<br>- Жер адиси,<br>- ТЖМ адиси, айыл башчылар | Түнкү шам-дар орнотулду, көчө жарык болду, коопсуздук пайда болду, жумушчу адис-тер менен кели-шимдер түзүлдү | 210 түнкү шам коюл-ду, 320 түтүн коопсуз-дукка жетишти |
| | **2-тапшырма.** Айылдык аймактын маселелери боюнча финансы башкарууну жакшыртуу:<br>- Сметасын даярдоо<br>- Жергиликтүү бюджеттен каражат бөлүштүрүү<br>- Кошумча каражат издөө | Шалта, Күнтуу | Июль 2020 – апрель 2021-ж. | **100 миң сом** | + | | | | Каражаттар аныкталды, долбоор жазылды | Тартылган инвестиция нын суммасы 300,0 млн. сом |

| | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | **3-тапшырма.**<br>АӨ, АК ишмердиги тууралуу жамааттын маалымдуулугун уюштуруу:<br>- Айылдарда маалыматтык такталарга, сайтка маалымат жайгаштыруу<br>- Долбоордун жыйынтыгы боюнча жыйын өткөрүү | | | | - | - | | | Элге маалымат жеткирилет, түшүндүрүү иштери жүргүзүлөт | 5 чогулуш өтөт,<br>4 жарыя/ баннер илинет |

## 9. Багыты: Инфраструктура

- **Көйгөйдүн аталышы жана сүрөттөлүшү: Электроэнергиянын жетишсиздиги**

**Күнтуу айылы:** Жаңы конуштарда электроэнергия жетишсиздиги, себеби трансформатор жок, столбалар орнотулган эмес. Жаңы конуштардын тургундары кошуна көчөлөрдөгү электролинияларга кошулуп, электролинияларга нагрузка кылышат. Бул жашоочуларга үй-тиричилик техникаларынын толук кандуу иштешине терс таасирин тийгизет.

**Кичи Шалта** айылында 46 кожолуктан турат. Орнотулган трансформаторунун күчү аз болгондуктан электроэнергия коомчулука жетишсиз болуп, көп кыйынчылыктарды туудуруп атат. Кечкисинде светтин аздыгынан тамак-аш бышпайт, кечке маал балдар сабак окуй албайт. Үй-тиричилик буюмдарынын иштеши начар болууда.

**Чоң-Жар** айылында электр мамычаларынын эскилиги жана электроэнергиянын жетишсиздиги (жаны трансформатор орнотуу). Кожолуктун саны 120 жана жаңы конуштарда 40 чейин кожолук турат. Жаңы конуштарда электроэнергия жок, себеби трансформатор жок, столбалар орнотулган эмес. Жаңы конуштардын тургундары кошуна көчөлөрдөгү электролинияларга кошулуп, электролинияларга нагрузка кылышат. Электроэнергияны борбор көчөсүнөн тартып алышкан. Ошондуктан борбордук көчөдө жашаган элге электроэнергия жетишсидикти жаратып жатат. Жаңы конуштарга өзүнчө трансформатор тартыш керек. Электроэнергиянын жетишсиздиги үй-тиричилик буюмдарынын иштешин үзгүлтүккө учуратып, жакшы иштешине тоскоол болууда. Үй-тиричилик буюмдарынын бузулушуна алып келүүдө.

**Шалта** айылында электр мамычаларынын эскилиги жана электроэнергиянын жетишсиздиги (жаңы трансформатор орнотуу). Айылда 90го жакын жаңы кожолук бар. 2003-жылдары жер тилкелер бөлүнгөн, ошондон бери жаңы үйлөр салынып айыл өсүүдө. Бирок, жаңы конуштарда электр энергиясы жетишсиз, себеби трансформатор жок, столбалар орнотулган эмес. Жаңы конуштардын тургундары кошуна көчөлөрдөгү электролинияларга кошулуп, электролинияларга чыңалуу көп болуп, эски трансформаторлор бат-бат иштен чыгып турат .

- **Бенефициарлар:** 4 айылдын жашоочулары (6800 киши)

| Максаты | Тапшымалар / Иш-чаралар | Айылдын аталышы | Мөөнөт | Каржылоо | | | | Тараптардын катышуусу жана жоопкерчилиги | Күтүлгөн жыйынтык | Индикаторлор |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | ЖБ | Донор | Демөөрчү | Башка | | | |
| Күнтуу, Шалта, Кичи Шалта, Чоң-Жар айылынын жашоочуларынын электроэнергия менен толук түрдө камсыз кылуу | **1-тапшырма.**<br>- Комиссия түзүү<br>- Каражат издөө<br>- Трансформатордун ордун аныктоо жана орнотуу<br>- БАПты түзүү<br>- Подрядчикти аныктоо | Кичи Шалта, Шалта, Күнтуу, Чоң-Жар | Январь – март 2021-ж. | 400,0 миң сом | + | | | - АӨ башчысы,<br>- ФЭБ башчысы,<br>- Жер адиси,<br>- ТЖМ адиси,<br>- айыл башчылар | Трансформатор орнотулат, жашоочулар электр энергия менен толук камсыз болот | 1396 түтүн саны,<br>4 трансформаторлордун саны |
| | **2-тапшырма.** Айылдык аймактын маселелери боюнча финансы башкарууну жакшыртуу:<br>- Сметасын даярдоо<br>- Жергиликтүү бюджеттен каражат бөлүштүрүү<br>- Кошумча каражат издөө | Кичи Шалта, Шалта, Күнтуу, Чоң-Жар | Июль 2020 – апрель 2021-ж. | + | + | | | | Каражаттар аныкталды, долбоор жазылды | Тартылган инвестициянын суммасы 1000,0 млн. сом |
| | **3-тапшырма.** АӨ, АК ишмердиги тууралуу жамааттын маалымдуулугун уюштуруу:<br>- Айылдарда маалыматтык такталарга, сайтка маалымат жайгаштыруу<br>- Долбоордун жыйынтыгы боюнча жыйын өткөрүү | | | | - | - | | | Элге маалымат жеткирилет, түшүндүрүү иштери жүргүзүлөт | 3 чогулуш өтөт,<br>5 жарыя/ баннер илинет |

**Күнтуу ААнын АӨ башчысы** _________ (аты-жөнү) <u>Сейдалиев Адылет Айтбекович</u>

**«МАКУЛДАШЫЛДЫ»**

<u>«Мектепке чейинки билим берүү жана билим берүү»</u> ДТ лидери __________ (аты-жөнү) <u>Беделбаева Майрам</u>

<u>«Таза суу жол жана жарыктандыруу»</u> ДТ лидери __________ (аты-жөнү) <u>Кененбаев Акылбек</u>

«Маданият жана спорт» ДТ лидери _________ (аты-жөнү) <u>Жумалинова Кулбүбү</u>